Токмок шаарынын ИИБнүн 2021-жылдын 24-июнь күнү
КЖБРге №03-011-2021-001260
саны менен катталган сотко чейинки иш кагаздары боюнча
МААЛЫМАТ

2021-жылдын 22 июнь күнү КРнын БШКнын ыкчам чара көрүү координациалык тобуна (ЫЧКТ) “Megacom” уюлдук операторунун [redacted] абоненттик номеринен [redacted] маалымат түшкөн. Маалыматта «Instagram» социалдык тармактагы «tokmok_info» социалдык баракчасында 2021-жылдын 18-июнь күнү Токмок шаарынын мэри [redacted] санитардык тазалоо жана жашылдандыруу боюнча Токмок шаарынын мелдешинде мыктысын тандап алуу аземине катышып, Токмок шаарынын мэринин резервинен 25 000 (жыйырма беш миң) сом бөлүнүп, жогоруда көрсөтүлгөн социалдык баракчада Токмок шаарынын мэри [redacted] мелдештин жеңүүчүлөрүнө сертификат жана акчалай сыйлык тапшырып жаткан сүрөттөр жүктөлгөн.

Аталган маалыматтын автору [redacted] жогоруда көрсөтүлгөн социалдык тармактагы жүктөлгөн жана жарыяланган маалыматты Токмок шаарынын жергиликтүү кеңешине кайрадан шайлоо учурунда административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу жана шайлоочулардын добуштарын сатып алуу катары эсептеп. Ошондой эле аталган факт боюнча укук коргоо органдары текшерүү иштерин жүргүзүп чара көрүүнү суранган.

Аталган маалымат 2021-жылдын 23- июнунда саат 19:04 мүн. Чүй ОИИББнүн МККне №02-073-2021-003610 саны менен каталып, ошол эле күнү Токмок ШИИБнө караштуулугу менен келип, текшерүү иштери башталган.

Жогоруда аталган маалыматты текшерүү иштерин жүргүзүү учурунда [redacted] “Megacom” уюлдук операторунун [redacted] абоненттик номерине телефон чалуу учурунда ал Токмок шаарынын аймагынан азыркы учурда чыгып кеткендигин, ошондой эле эч кандай түшүндүрмө берүүгө макул эместигин билдирген, себебин ал КРнын БШКнын ЫЧКТна болгон маалыматын бергенин билдирген.

Азыркы учурда Токмок шаарынын ИИБү тарабынан текшерүү иштери жүргүзүлүп жатат, текшерүүнүн жыйынтыгы менен кошумча маалымат жиберилет.

**Токмок ШИИБ**